**БАЙСЕРКЕЕВ А.Э.**
*Ж.Баласагын ат. КУУ*

# ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТҮ ЖАНА ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ ӨНҮКТҮРҮҮ

Адамдын жөндөмдүүлүктөрүнүн жана ишмердүүлүктөрүнүн өзгөчөлүктөрү жана аны өнүктүрүү проблемалары боюнча XX кылымдын 40-60-жылдарында окумуштуу психологдордун арасында айрым түшүнүктөрдү талкуулоодо эки багыттагы көз караштар системасы бири-бирин толуктап, жанаша өнүгүп келген. Бир багыты Б.М.Тепловдун, экинчи багыты С.Л.Рубинштейндин идеяларынын тегерегинде болгон.

Б.М.Тепловдун көз карашы боюнча: «Тубаса жөндөмдүүлүктөр – аналитикалык-физиологиялык оңтойлуу өбөлгөлөрдүн негизинде өнүгөт жана жөндөмдүүлүктүн детерминациясын ички шарттар түзөт. Бул ички шарттар инсандын өзгөчө сапаттарына ылайык, төмөнкү психологиялык өбөлгөлөргө муктаж:

1. Ишмердүүлүккө кызыгуу жана ынтаа коюу;

2.Билимдин, билгичтиктин, көнүмүштөрдүн жана кесиптик чеберчилик-тин ийкемдүүлүгү;

3. Көнүмүштүн негизинде илимдин ар түрдүү багыттарында так максатка бет алуу жана тоскоолдуктарды жеңүү;

4. Коомдун өнүгүшүндөгү жаңычылдыкты жана ойлоп табуучулуктун маанисин сезе билүү» [1].

Б.М.Тепловдун идеяларын улантып, аны андан ары өркүндөтүүнүн мисалы катары окумуштуу-психологдор П.Я.Гальперин, В.В.Давыдов, А.Н.Леонтьев, Н.С.Лейтес, Л.И.Уманский, Д.Б.Эльконин ж.б.лардын илимий изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын белгилөөгө болот.

С.Л.Рубинштейндин жалпылоосу боюнча: «Адамдын жөндөмдүүлүгү иштеген ишинин деңгээлине, эмгек сферасына жана андагы чөйрөгө карата өнүгөт, ал эми билим алуудагы ишмердүүлүктүн орду өзгөчө …» [2].

Табигый предметтерди окутуу процессиндеги окуучунун ишмердүүлүгү катары анын түшүнүктөрдү жана түшүнүктөрдүн системасын өздүштүрүүгө карата аракетин жана активдүүлүгүн кароого болот. Ишмердүүлүк жыйынтыктуу болуусу үчүн ишти аткарууга карата окуучунун жасаган аракетинин көбөйүүсү өтө маанилүү. Анткени, окуучунун өздөштүрүү процессиндеги системалуу же талыкпаган аракети анын активдүүлүгүнүн калыптануусуна шарт түзөт.

К.К.Платонов өзүнүн изилдөөлөрүндө Б.М.Теплов менен С.Л.Рубинштейндин жөндөмдүүлүк боюнча окууларын салыштырып, жалпы жактарын жана өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүүгө аракет жасаган. Ошондой эле бул проблема боюнча башка көптөгөн окумуштуулардын пикирлерин жалпылап, өзүнүн ой жыйынтыктарын чыгарган. С.Л.Рубинштейн: «Жөндөмдүүлүк – бул өз ичине бир катар сапаттарды камтыган, ансыз адам белгилүү ишмердүүлүктү аткара албаган жана процесстин жүрүшүндө ишмердүүлүктү калыптандыруучу татаал синтетикалык билим» [2] - деп белгилейт. Ал эми К.К.Платоновдун аныктоосу боюнча: «Жөндөмдүүлүк – бул инсандын касиетинин мүнөздүү бөтөнчөлүгү, ал касиет кандайдыр бир ишмердүүлүктү үйрөнүүгө, аны аткарууга жана өркүндөтүүгө зарыл болгон төрт бөлүктөн турат…» [4]. Алар төмөнкүчө мүнөздөлөт:

«Биринчи бөлүк инсандын багыттуулугун, мамилесин жана моралдык сапаттарын бириктирет. Мында табигый шык эске алынбай, коомдук тарбиянын орду белгиленет. Багыттуулук катары инсандын кызыгуусу, каалоосу, шыктануусу, идеалы, көз карашы, ишеними, керектөөсү, жалпысынан анын мүнөздүү бөтөнчөлүгүү эсептелет.

Экинчи бөлүк инсандын жеке тажрыйбасынын натыйжасында билим алуу аркылуу ээ болгон билимин, билгичтигин, көнүмүштөрүн жана адаттарын бириктирет. Мында

инсандын биологиялык касиеттеринин таасири эске алынгандыктан айрым учурда аны «Индивидуалдуу маданият» же кыскача «тажрыйба» деп аташат. Ошондуктан бул бөлүктө инсандагы техникалык процесс каралат, анткени, адамды билим – эрудитке, билгичтик – устаттыкка, чеберчиликке алып барат… .

Үчүнчү бөлүк инсандагы айрым психикалык процесстердин жекече өзгөчөлүктөрүн бириктирет. Ал эмоциянын, ой жүгүртүүнүн, кабыл алуунун, сезимдин, эрктин жана эске тутуунун чагылуу формасы катары кабыл алынат.

Мында инсандын биологиялык касиеттери өзгөчө эске алынып, анын көрүнүшү катары мээнин функциясы эсептелет. Бул бөлүктү «инсандын функционалдык өзгөчөлүгү» деп аташат жана аны калыптандыруунун «көнүгүү» түрү өзгөчө орунга ээ … .

Төртүнчү бөлүктө инсандын жашы жана жыныстык өзгөчөлүгү, ошондой эле патологиялык өзгөрүүлөрү эске алынат. Ага керектүү сапаттарды калыптандыруу көнүгүү аркылуу ишке ашырылат. Мында инсандын касиеттери анын мээсинин физиологиялык жана морфологиялык өзгөчөлүгүнөн көз каранды. Ошондуктан бул бөлүк «биологиялык себеп» деп аталат …» [4]

Инсандын жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү боюнча төмөндөгү принципиалдуу жоболорду эске албай коюуга болбойт:

«Биринчиден, адамдын жөндөмдүүлүгүнүн калыптанышы, адамзаттын тарыхый өнүгүү процессинде түзүлгөн баалуулуктарды үйрөнүүнүн жүрүшү менен гана чектелбестен, жаңы үлгүнү түзүүдөн да көз каранды …;

Экинчиден, адамдын жөндөмдүүлүгү – анын өнүгүүсүнүн ички шарты, ал эми ички шарттын калыптанышы сырткы таасирлерге, б.а. адамдын айлана чөйрө менен болгон карым-катнашына ылайыкташкан …;

Үчүнчүдөн, коомдо иштелип чыккан ишмердүүлүктүн системасын өзүнө сиңирип алмайынча бир дагы жөндөмдүүлүк актуалдуу боло албайт; жөндөмдүүлүктүн ядросу – бул ишмердүүлүктү үйрөнүп эле алуу же аны автоматтык түрдө аткаруу эмес, ал ишмердүүлүктөрдүн сапатын, жүрүшүн жөнгө салуучу психикалык процесс …» [2].

Л.С.Выготскийдин көз карашы боюнча: «Бир жөндөмдүүлүктүн өнүгүшү өзүнүн артынан башка жөндөмдүүлүктүн өнүгүшүнө алып келет. Билим берүүнүн милдети жалгыз гана ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү эмес, ар түрдүү предметтерди окуу аркылуу көптөгөн, атайын жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү » [5].

Адамдын жашоосунда инсан болуп калыптанууга жана деңгээлин өнүктүрүүгө көп мүмкүнчүлүктөр бар. Анын калыптануусуна коомдук тажрыйба, чөйрө, билим алуу процесси ж.б. таасир этет. Инсан белгилүү тажрыйбага ээ болуп, калыптанып, өз алдынча жашоо жолуна, өнүгүү багытына түшүүсү үчүн өмүрүнүн чейрегин, айрым учурда андан көп убактысын сарптайт.

Л.М.Фридман менен К.Н.Волоков инсандын мүмкүнчүлүктөрүн изилдөөнүн жыйынтыгында төмөнкү компоненттерди бөлүп көрсөткөн.

«Инсандын өнүгүүгө багыт алуусунун түзүүчүлөрү:

1. Билим.
2. Билгичтиктержанакөнүмүштөр.
3. Интуиция жанаэвристикалык же чыгармачылыкпроцесстер.
4. Жөндөмдүүлүк» [3].

Бултүзүүчүлөрбири-биринтолуктап, өркүндөөгөтүрткүболоорунжанатыкызбайланышынтөмөнкүкыскачачечмелөөдөнбайкоого болот.

И.Б. Бекбоевдин илимий изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарында «... билимдерден, билгичтиктерден жана көндүмдөрдөн айырмалуу чыгармачылык эмгектенүүнүн тажрыйбасын окуучу өзү үчүн жаңылык болгон проблемаларды чечүү жолу менен өздөштүрө алат. Муну уюштуруп ишке ашыруу үчүн мугалим окуучуларга жеткиликтүү, бирок аларды жетишээрлик даражада тырышып ойлонтуучу проблемаларды түзүп алып, аларды үйрөнүлүүчү билимдердин контекстине киргизип, татаал проблеманы майда

проблемаларга ажыратып, процесске жалпы жетекчилик кылып багыттап турат» [6]-деп белгилейт.

Ал эми Э.Мамбетакуновдун изилдөөлөрүндө төмөнкү жыйынтыктар сунушталат: «Билим – илимдин ар бир багыты боюнча жетишкендиктеринин жана жыйынтыктарынын дидактикалык ыкмалар менен иштелип чыккан жыйындысы.

Жөндөмдүүлүк – бул инсандын өзгөчө маанилүү мүмкүнчүлүгү. Билгичтик, көнүмүш жана эвристикалык ыкмалар инсандын ишмердүүлүгүн мүнөздөсө, ал эми жөндөмдүүлүк инсандын өзүн мүнөздөйт» [7].

Жалпысынан алганда инсандын жөндөмдүүлүгүн жана ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө бир катар факторлор таасир бере тургандыгы аныкталды.

Алар:

1. Индивиддин шык түрүндөгү табийгый сапаты.

2. Психикалык өзгөчөлүктөрү б.а.жалпы жана жеке жөндөмү, ой жүгүртүүсү, эске тутуусу, көңүл буруусу, эрки, сезими, кабылдоосу, элестөөсү ж.б.

3. Ишмердүүлүк процесси – билим алуусу, эмгектенүүсү, машыгуусу, чыгармачылыгы ж.б.

4. Инсандын жашоосу жана ишмердүүлүгү өтүүчү чөйрө.

**Адабияттар**


1. Теплов Б.М. Избранные труды: В 2 т. – М.: Педагогика, 1985.
2. Рубинштейн С.А. Основы общей психологии: В 2т. Т.2.-М.: Педагогика, 1980.- 328 с. – (труды д.чл. и чл.- кор АПН СССР).
3. Фридман Л.М., Волков К.Н. Психологическая наука – учителю. – М.: Просвещение, 1985. – 224с.
4. Платонов К.К. Проблемы способностей. М.: Наука, 1972. – 311 с.
5. Выготский Л.С. Педагогическая психология /Под ред. В.В. Давыдова. – М.: Педагогика, 1991. – 480 с.
6. Бекбоев И. Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык меселелери / Н.Б. Бекбоев. – Б.: «Педагогика века», 2004. – 384 б
7. Мамбетакунов Э.М., Сияев Т.М. Педагогиканын негиздери: Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы. -Б.: Педагогика, 2008, - 304 б.
8. Мамбетакунов Э.М. Педагогикалык изилдөөнүн методологиясы жана технологиясы. – Бишкек, Текник ББ, 2015.-128б.